DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Момуналиев С.М.*

## ҮЙ-БҮЛӨ ТАРБИЯСЫ ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАСЫНДА
### («Кылым карытаар бир күн» романынын мисалында)

*Момуналиев С.М.*

## СЕМЕЙНОЕ ВОСПИТАНИЕ В ПРОИЗВЕДЕНИИ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА
### (на примере романа «И дольше века длится день»)

*S.M. Momunaliev*

## THE UPBRINGING OF THE FAMILY OF CHINGIZ AITMATOV
### (The example of the novel «The Day Lasts More Than a Hundred Years»)

*УДК: 82.378147 (575.2)*

*Макалада Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы, анын ичинен "Кылым карытаар бир күн" романындагы, үй-бүлө тарбиясынын берилиши камтылган. Негизи, жазуучу адам тарбиялоо маселесине өзгөчө көңүл буруп, терең маани берген. Ошондуктан өзүнүн макалаларында, интервьюларында адамды тарбиялоо, калыптандыруудагы, билим берүүдөгү көйгөйлөр тууралсында айтып келген. Анын "Атадан калган туяк", "Эрте жаздагы турналар", "Саманчынын жолу", "Касандра эн - тамгасы", "Кыямат", "Ак кеме, "Гүлсарат", "Фудзиямадагы кадыр түн" драмаларында жана биз азыр сөз кылмакчы болгон "Кылым карытаар бир күн" романында да жаш муундарга гана эмес, чоңдорго да тарбия берүү көйгөйлөрү козголуп, чагылдырылган. Негизи, баланын эң биринчи тарбиячысы - ата-энеси. Үй-бүлөдө бала социалдык өз ара биргелешип аракеттенүүнүн биринчи тажрыйбасын өздөштүрөт. Узак убакка чейин (мектепке чейин) бала ата-эненин камкордугунда болот, алардан жаман-жакшы, ачуу-таттуу, өйдө-төмөн ж.б. жөнүндөгү түшүнүктү алат. Ошондуктан элибизде "Алма сабагынан алыс түшпөйт", "Уядан эмне көрсө, учканда ошону алат " деген сыяктуу макалдар сакталып келет. Ч.Айтматов "Кылым карытаар бир күн" романындагы Абуталиптин образы аркылуу үй-бүлөнүн башчысы, чыныгы мугалим жана инсан кандай болоорун көркөм чагылдырат.*

***Негизги сөздөр:*** *"Кылым карытаар бир күн" романы, ааламдашуу, улут, таалим-тарбия, үй-бүлө, коом, образ, эс-тутум, тема.*

*В статье затронута одна из актуальных проблем современности – проблема нравственного воспитания молодежи в семье. Произведения великого писателя современности Ч.Айтматова, безусловно, считаются общечеловеческой духовной ценностью. Об этом очень много писали ученые-литературоведы, писатель и сам писал в своих статьях, отмечена значимость идей в духовном развитии подрастающего поколения. В произведениях писателя: «Ранние журавли», «Гүлсарат», «Белый пороход», «Тополек мой в красной косынке», «Материнское поле», «Плаха», «Когда падают горы», «И дольше века длится день» нравственные ценности должен прививать на примере айтматовских произведений в детях, а также у взрослых.Через образа Абуталипта в романе «И дольше века длится день», можно узнать о ценностях семьи, нравственности учителей, писатель формулирует все новые и новые социальные, психологические, общечеловеческие проблемы, волнующие современность.*

***Ключевые слова****: роман «И дольше века длится день», глобализация, нация, воспитантие, семья, общество, образ, память, тема.*

*The article touches upon one of the urgent problems of our time – the problem of moral education of young people in the family. The works of the great writer of our time CH. Aitmatov, of course, are considered a universal spiritual value. This is very much written by literary scholars, the writer himself wrote in his articles, noted the importance of ideas in the spiritual development of the younger generation. In the works of the writer: "Early cranes", "Gulsarat", "White doorstep", "my poplar in a red kerchief", "Mother field", "Scaffold", "When mountains fall", "And the day lasts longer than a century" moral values should be instilled on the example of Aitmatov's works in children and adults .Through the image of Abutalipt in the novel "And lasts longer than a century a day", you can learn about the values of the family, the morality of teachers, the writer formulates more and more social, psychological, human problems of concern to the present.*

***Key words:*** *novel «The Day Lasts More Than a Hundred Years», globalization, nation, upbringing, family, society, image, memory, theme.*

Бүгүн биз чалкеш, көз көргөнгө баш жетпей жаткан заманда жашап жатабыз. Ааламдашуу элибиздин каада-салтын, калыптанып калган адеп-ахлагын, дүйнө таанымын өзгөртүп, белгисиз "дүйнөгө" аралаштырууда. Ааламдашуу үй-бүлөгө, мектепке таасир этүү менен тээ атамзамандан калыптанып калган адеп-ахлагыбызды, жүрүм-турумубузду, дүйнөгө болгон көз караштарыбызды түп-тамырынан жаңылоого умтулууда. Албетте, жаңыга умтулуу, жаңыны кабыл алуу негизи жакшы жышаан экендигин тануута болбойт. Бирок, бирок? - деген суроо туулат.

Бул суроого жооп бериш үчүн өтмүшүбүзгө, тээ байыркы жана кечээги эле Совет доорундагы жашоо ыңгайыбызга кайрылууга мажбур болобуз да, төмөндөгүдөй суроолорго жооп издейбиз. 1-жаңынын

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



баары – жакшы, эскинин баары – жарамсызбы? Жакшы деген – эмне? Жаман деген – эмне? Бул эки түшүнүккө кайсы чен-өлчөмдөр аркылуу баа бере алабыз?

Аталган суроолорго аалам алпы Ч.Айтматов да жооп издеген. Өзү баамдаган, байкагандарын чыгармалары, андагы каармандардын тагдырлары аркылуу жооп берүүгө аракет кылган жана жооп да берген.

Жазуучу өзүнүн чыгармалары аркылуу улуттун гана эмес, жалпы адамзаттын көйгөйлөрүн да көтөрүп чыккан. Карапайым мугалим Дүйшөндүн, эл башына кыйынчылык түшкөндө, кабагым-кашым дебей, анын оор жүгүн көтөргөн Толгонайдын, алаамат күндөрдө да адамдык бактысын издеген Жамийланын, балалыктын бал даамын татпай, эрезеге эрте жетип, эл мүшкүлүн эл менен бирге тең көтөргөн Султанмураттын, жеке бакыт эмне экенин билбей, өкмөт кайсы жакка, кандай жумушка айдаса, "жок" дегенди билбеген коммунист Танабайдын, эрме чөлдү мекендеп, ак эмгектен тажабаган Едигейдин, жаз, жай, күз, кышты кыштай малды сак-сактап баккан Бостондун, адамдын мыкаачылыгына балалык жүрөгү чыдабай, балык болуп кеткен Баланын, ыйык туткан баалуулуктардан ажырап жолборс менен бир үңкүрдө жан кыйган Арсендин тагдырлары окуганды кайдыгер калтырбай, бирде кубантып, бирде кайгыртып, түркүн-түмөн ойго салып, таң калтырып, тамшандырып өзүнө арбап алат. Акыйкатын айтканда, Айтматов көркөм сөздүн алптары Шекспирдин, Бальзактын, Хемингуэйдин, Толстойдун, Достоевскийдин катарына кирип, улуттун гана эмес, жалпы адамзаттын улуу жазуучуларынын бирине айланып калды.

Бул макалада жазуучунун чыгармаларындагы, анын ичинен "Кылым карытаар күн" романындагы таалим-тарбиянын берилишине токтолобуз. Негизи, адабият ал кандай текте жазылбасын, эпос, драма, лирика, окурмандын сезимине таасир этүүнү гана максат кылбастан, акыл калчап, ой жүгүртө билүүгө, окуп, укканын түшүнүүгө көнүктүрүү максатын да көздөйт. Анын үстүнө адабият а дегенде турмуш-тиричилик муктаждыгын канааттандыруу, анын ичинде кийинки муундарга таалим-тарбия берүү милдетин аркалагандыгын эске алсак, адабияттын негизги функцияларынын бири тарбия экендигин эч бирибиз жокко чыгара албайбыз. Адабияттын бул кызматын Ч.Айтматов эң сонун билген жана түшүнгөн. Ошондуктан анын кайсы чыгармасын албайлы, баарында жаш муундарга гана эмес, чоңдорго да тарбия берүү жагы камтылганын дароо баамдайбыз. Жазуучу бул темага арналган чыгармаларында коомдук жана үй-бүлөлүк таалим-тарбиянын карым-катышына өзгөчө көңүл бөлгөн. Анын ачык мисалы – "Кылым карытаар бир күн" романындагы Сабитжандын, Абуталибдин бала-кызына байланыштуу окуялардын сүрөттөлүшү.

Негизи, коомдо үй-бүлөнүн ордун, таасирин, ролун башка социалдык институттарга тең коюп болбойт, анткени мына ушул үй-бүлөдө бала инсан катары өнүгөт, коомдо кыйналбай адаптациялануууга зарыл турмуштук ролдорду өздөштүрөт. Үй-бүлө эң алгачкы таалим-тарбия берүүчү институт болуп эсептелет, жана адам өзүнүн өмүр күнү батканча андан колун, байланышын үзбөй жашайт. Мына ушул үй-бүлөдө баланын адеп-ахлактык, ыймандык касиет-сапаттарынын пайдубалы курулат, инсандын жан дүйнөсү менен жеке адамдык сапаттары калыптанат. Үй-бүлө инсандын калыптанышына гана таасир тийгизбестен, баланын өзүнө болгон ишенимин бекемдейт, анын турмуштук жана чыгармачылык активдүүлүгүнө өбөлгө түзөт, анын кайталангыс индивидуалдуулугун ачып берет.

Тарыхка көз жүгүртсөк, тээ атамзамандан бери эле ар бир коом өзүнөн кийинки муундарга таалим-тарбия берүү миссиясын мүмкүнчүлүгүнүн жетишинче өз моюнуна жүктөп келет. А дегенде бул миссия элдик педагогика тарабынан жүзөгө ашырылып келген. Элдик педагогикага академик А.Э. Измайлов: "Элдик педагогика – бул эмпирикалык практикада топтолгон жана текшерилген, эл массасынын тарыхый жана социалдык тажрыйбасынын продуктусу катары муундан муунга көбүнчө оозеки формада берилген билим, ык-көндүмдөрдүн жыйындысы" [1, 76-б], - деп аныктама берген. Негизи, элдик педагогикада тарбиялоонун так формулировкаланган мыйзамдары, системалаштырылган билим, так илимий терминдер жана аныктамалар болбойт. Бул – кылымдар бою топтолгон, көптөгөн ар түрдүү адамдардын изденүүлөрүнүн, чыгармачылыгынын казынасы, элдик даанышмандык. Кыскартып айтканда, элдик педагогиканын изилдөө предмети болуп көп кылымдык тажрыйбанын негизинде иштелип чыккан жана бүгүнкү күнү да жашап жаткан эл массасынын педагогикалык маданияты болуп саналат.

Учурда "элдик педагогика" атоосун "этнопедагогика" деген атоо алмаштырууда. Бул термин өткөн кылымдын 60-жылдары Г.Н.Волков тарабынан сунушталып, кеңири тарады. Бул терминдин кийирилишин ал төмөнкүдөй түшүндүргөн: "Этнопедагогика" атоосу изилдөөдө этнографиялык материалдарды кеңири колдонууга мүмкүнчүлүк берет жана илимдин маңызын терең аныктай алат, ...этнопедагогика – бул балдарга билим берүү жана тарбиялоо жөнүндөгү этникалык топтордун эмпирикалык тажрыйбасы жөнүндөгү, үй-бүлөнүн, уруктун, уруунун, элдин, улуттун тээ байыртадан келаткан дөөлөттөрүнө болгон моралдык-этикалык эстетикалык көз караштары жөнүндөгү илим" [1, 76-б.], Ар кандай элдин өзүнүн спецификалуу жашоо ыңгайы болот, мына ушул ыңгай инсанды элдик духта калыптандырат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Алсак, орустардын жашоо ыңгайы кыргыз, казактын же арабдын жашоо ыңгайынан бир топ айырмаланат. Элдердин жашоосунун мындай ыңгайы көптөгөн спецификалуу факторлордун таасирлери аркылуу: жаратылыш-климаттык шарттар, тили, дини, эмгек иш-аракетинин шарттары (дыйканчылык, аңчылык, балыкчылык, малчылык, кол өнөрчүлүк ж.б.) – калыптанат.

Улуттун мына ушул жашоо ыңгайы социалдык чөйрөнү жаратат, мында инсан калыптанат. Ушул чөйрө балдардын жүрүм-турум эрежелери менен типтерин, ыйман, адеп-ахлактын нормаларын калыптандырат. Ушул чөйрөдө адам бөбөк кезинен улуттук жашоо ыңгайын: эмгекчилдик же жатып ичерлик эмнени түшүндүрөт, адамдын бул сапатына башкалар кандай баа берет жана мамилде болот?; жөнөкөйлүк же бой көтөрүүчүлүк, үнөмдүүлүк жана ысырапкерчилик ж.б. кандай болот?; булардын кайсынысы колдоого алынат, кайсынысы жерилет? – баарын өзүнө сиңирет.

Жашоо ыңгайы өзүнө түшүнүктөрдүн чынжырчасын төмөнкүдөй ырааттуулукта камтыйт: үрп-адат → салт (традиция) → ырым-жырым → ритуал. Булардын баарын окшош, кайталанма жагдайлардагы кылык-жоруктардын бир типтүүлүгү, өтмөлүүлүгү (уламалуулугу), консерватизм, туруктуулук бириктирип турат. Алар прогрессивдүү же регрессивдүү, жагымдуу же жерилүүчү көрүнүш болушу ыктымал. Адам конкреттүү элдин, улуттун социалдык чөйрөсүндө жашаса, сөзсүз түрдө мына ошол элдин, уруктун, уруунун жашоо ыңгайына ылайык калыптанат; алардын баалуулук ориентациясын өздөштүрөт жана тең бөлүшөт, өзүнүн аракеттерин, кылык-жоругун, жүрүм-турумун ошолорго ылайыктап жөнгө салат.

Наристе кезинен конкреттүү элдин оригиналдуу жашоо ыңгайы менен шарттарынан ажыратылган жана башка социалдык чөйрөдө чоңойгон, мына ушунун натыйжасында бөтөн (бала үчүн да) улуттук чөйрөдө тарбияланган бала табият тартуулаган улуттук мүнөзү менен өзүнүн бир боор улутундагы адамдын белгилерин жоготуп коет. Ал өзүн ар дайым курчап турган улуттун чөйрөсүндөгү жашоо ыңгайына ылайык өз өмүрүн өткөрөт.

Өз үй-бүлөсүнөн алыс жашаган балдар үй-бүлөдө чоңойгон балдарга салыштырмалуу мерез да өсүп калат. Анткени бул балдар жыл бою өздөрүнүн ата-энелери жашаган шарттардан түп тамырынан айырмаланган өзгөчө шарттарда жашашат. Үйлөрүнө каникул учурунда гана барышат. Ошентип, балдар өз ата-энесинин жашоо шартынан, турмуш-тиричилигинен жана жашоо ыңгайынан бир топ жыл ажырап, сыртта калышат. Натыйжада ошол жерде туулуп, өз өмүр жолдорун ошол жерде баштаганына карабастан, алар өздөрүнүн киндик каны тамган жеринен кол үзүп, ата-энесинен, ата-энеси карманып-тутунган жашоо ыңгайынан бир топ алыстап, өздөрүн алардан таптакыр башка бөтөн адамдар катары сезе башташат. Башка чөйрө, жашоонун башка ыңгайы ата-энесине окшобогон, башка типтеги адамдардын калыптанышына өбөлгө түзөт.

Айтматов турмуштук бул чындыкты таамай байкаган жана аны өз чыгармаларында элестүү да, ынанымдуу да чагылдырган. Алсак, Танабайдын уулу менен келини, Иксроддор (“Касандра эн-тамгасы”), Сабитжандар (“Кылым карытаар бир күн”), булар – наристе чагынан эле туура таалимге ээ болбой, инсандык деңгээлге толук өсүп жете албаган көрпенделер.

Негизи, Ч.Айтматов адам тарбиялоо маселесине өзгөчө көңүл буруп, терең маани берген. Ошондуктан өзүнүн макалаларында, интервьюларында адамды тарбиялоо, калыптандыруудагы, билим берүүдөгү көйгөйлөр туурасында айтып келген. Анын “Атадан калган туяк”, “Эрте жаздагы турналар”, “Саманчынын жолу”, “Касандра эн-тамгасы”, “Кыямат”, “Ак кеме, “Гүлсарат”, “Фудзиямадагы кадыр түн” жана биз азыр сөз кылмакчы болгон “Кылым карытаар бир күн” чыгармаларында болсо, жаш муундарга гана эмес, чоңдорго да тарбия берүү көйгөйлөрүн козгоп, чагылдырган.

Ал залкар даанышман, улуу ойчул, чыгаан жазуучу катары, зирек акылы, сезимтал жүрөгү менен булардын баарын аңдап-сезип, балдардын жана чоңдордун образдары аркылуу таасын чагылдырган. Жазуучу “Кылым карытаар бир күн” романында жаштарга үй-бүлөдөн бөлүп тарбия берүүнүн терс жагына көңүл буруп, аны Сабитжандын образы аркылуу сүрөттөгөн: “Сабитжан деген, Сабитжандын бала күнүнөн баштап, интернаты болобу, институту болобу, анан билим жогорулатуу курсу болобу, иши кылып шаар тарбиясын көрсүн, шаарда башкалардан кем жүрбөсүн деп, байкуш Казангап тапкан-ташыганын бүт бойдон баласына ыраскуттап турбады беле? Эмне майнап чыкты? Билгени элден кем эмес дечи, бирок кунарсыз неме кунарсыз эле болот тура.” [2]. Жазуучунун баамында баланы ата-энесинен ажыратып билим берип, тарбиялоонун пайдасынан зыяны көбүрөөк, анткени ал баланы өз алдынча эркин болуудан ажыратып, ата-эне мээриминен кол үздүрүп, көз караштары тайыз болуп, турмушта өз ордун таба албай камгакка айлантып коет. Ага Сабитжандын образы ачык мисал болуп бере алат. Маселен, Эне-Бейит уламышы бүгүнкү маңкурттун турпатын ачууга кызмат кылган. Сабитжандын келечектеги бүт кыймыл-аракети программалаштырылган радио маң баш адам жөнүндөгү сөздөрү, аны илимий жетишкендиктин, коомдук өнүгүүнүн эң укмуш көрсөткүчү катары кабылдоосу – адамдын инсандыгын жаратуудагы өзүнчөлүк кайталангыстыкты, руханий сапаттардын

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



маанисин эске албаган эң кооптуу көрүнүш. Сабитжан атасынын өлүмүнө келип отуруп да, өзүнүн көр турмушунун кишенинен чыга албайт. Уулдун ролун ойногон жасалмалуу жүрүм-туруму, жакын адамына, ата керээзине жасаган кекирейүүчүлүк мамилеси Эдигейдин жийиркенип, көңүл калуусун пайда кылат. Билимдүү, бирок руханий өнүкпөөнүн туткунунда калган бул адам – өзүнүн коомдогу ордун, чыныгы абалын аңдап-сезбеген, өйдөдө белгилегенибиздей, көр тиричиликтин кулу. Мындай адамдар өзүнүн социалдык, турмуштук абалын эптеп сактап калуу үчүн бийликтин, өзүнөн жогорку даражада тургандардын айткан-дегендеринин баарын “кыңк” этпей аткарууга дайым даяр болушат. Сабитжан өзүнүн чыныгы жүзүн, кимдигин, жашоодогу максатын эч кимден жашырбайт, ал кайра текеберленүү менен ачык эле “өзүнүн карапайым адам эмес, мамлекеттик киши” экендигин жар салат.

Мунун антиподу катары чыккан Эдигей – Сабитжанга окшоп окуп, кат таанып, жогорку билимдүү адис болбогону менен, турмуш мектебин эң мыкты бүтүргөн, боорукер, сезимтал, эмгекчил, карапайым топуктуу инсан. Анын бул сапаттарын Ч.Айтматов: “Эдигей Абуталиптин акылын, токтоолугун, баарынан да үй-бүлөсүнө күйүмдүүлүгүн баалайт. Ушул үй-бүлөсү деп жашап жүрөт, чөгүп кетпей, үй-бүлө деген оюнан кубат таап жашап жүрөт. Абуталиптин сөздөрүн угуп жүрүп, Эдигей муну түшүндү: “*Адамдын башкаларга кылаар эң чоң жакшылыгы эле үйүнөн адам болоор балдарды тарбиялап өстүрүү экен. Аны да бирөөнүн жардамы менен эмес, өзү күн сайын, саат сайын бүт дилин балдарга берип, колдон келишинче балдар кашында канчалык көп болсо, ошончолук ийги...*” [2, 4-б.],

Чыгармада жазуучу адамдын чыныгы адамдыгын жаратууга багытталган руханий-адептик кубатты Эдигейге топтойт да, ага бардык жагынан карама-каршы турган каарман катары Сабитжандын образын жаратат. Сабитжандын азыркынын, өз эрки, каалоосу менен маңкуртка айланганын көркөм чагылдырат.

Чындыгында эле, эч кандай далилдөөнү талап кылбаган аксиома – бул баланын эң биринчи тарбиячысы ата-энеси экендиги. Мына ушул үй-бүлөдө бала социалдык өз ара биргелешип аракеттенүүнүн биринчи тажрыйбасына ээ болот. Бир топ узак убакка чейин (мектепке барганга чейин) бала үй-бүлөнүн камкордугунда болот, жаман-жакшы, ачуу-таттуу, өйдө-төмөн ж.б. жөнүндөгү түшүнүктү ата-энесинен алат. Мындан кийин гана аларга балдар бакчалары, мектеп, турмуштук чөйрө өз таасирин тийгизе баштайт. Ошондуктан элибизде “Алма сабагынан алыс түшпөйт”, “Уядан эмне көрсө, учканда ошону алат”, “Ата көргөн ок жанат, эне көргөн тон бычат” деген сыяктуу макалдар сакталып келет. Негизи, балдардын тарбиясындагы төмөндөгү маселелер боюнча ата-энелердин ролу өзгөчө: а) дене жана эмоционалдык жактан өнүгүүсүндө; б) психологиялык жактан өнүгүшүндө; в)акылынын өнүгүшүндө; г) социалдык нормалар менен балдардын таанышуусунда; д) баалуулук ориентацияларын калыптандырууда.

Ал эми Абуталиптин образы аркылуу жазуучу үй-бүлө атасы, балдардын энесинин жары, чыныгы мугалим кандай болоорун көркөм чагылдырат. Чыгармадагы мына бул эпизод биздин бул оюбузду ырастап бере алат: “Жоок, андыктан эмес. Согуш боло койбос, болсо дагы качандыр бир кездерде болоор, кара курсактын азабын да айткан жокмун. Мезгил дөңгөлөгүнүн чимирилиши тездеп барат. Балдар баарына өз аракети, өз акылы менен жетиши керек, өтүп кеткен биз үчүн да жооп берүүлөрү да мүмкүн. *Ой жүгүртүү ар качан кыйын. Ошондуктан бизге караганда аларга кыйын болоор дейм...* Мунун баарын эмнеге айтып атат дейсиң, Эдигейдин күдүктөнгөндүгүн сезгенсип, ага жооп берип жаткансып сөзүн улантты Абуталип: “Кичинекей балдарга чоң кишилер ар качан акылдуу, беделдүү көрүнөт. Чоңоюп алып караса,окутуучулары, башкача айтканда, биз да, анчалык деле көптү билбептир, бала кездегидей акылдуу деле болушпаптыр. Баягы акылмандарга эми күлүп койсо деле болот, карылар кээде аяныч сезим туудурат. Мезгилдин дөңгөлөгү тездегенден тездеп чимирилип баратат. Ошон үчүн биз өзүбүз жөнүндөгү акыркы сөздү, бааны балдарга калтырбай, өзүбүз айтып кеткенибиз оң. Биздин ата-бабаларыбыз өздөрү тууралуу сөздөрдү улама-жомоктор менен айтып кеткен. Өздөрү кандай улуу кишилер болгонун укумтукум билсин деген. Эми биз аларды руханий нарктуулугу үчүн баалайбыз. Балдарым үчүн колумдан келишинче иштеп жатканым да –ошол. Менин улама-жомокторум – согуштагы жылдарым. Балдарыма партизан дептерлеримди жазып жатамын. Кандай болду эле, эмнени көрдүм, эмнелерди баштан кечирдим. Балдар чоңойгондо, пайдасы тиер. Андан башка да ойлорум бар. Балдар Сары-Өзөктө өсчүдөй. Чоңойгондо бизди ээн талаа, эрме чөлдө өстүрүптүр деп кине койбосун. Илгерки ырларды да жазып алдым, кийин аларды да таппай каласың. Менин түшүнүгүмдө ыр деген илгеркиден калган кабар, баян...” [3, 169-б.].

Абуталиптин образын жаратып жатканда жазуучу өз тагдырын, ата-энесинин тагдырын ойлогондугу, аларды чыгармага кийиргендиги дароо эле баамга урунат. Эгер Нагима эне балдарын өз туугандарынын арасына алып барып баш калкалабай, балдар үйүнө берип жибергенде, алардын тагдыры кандай болот эле... Уруу, уруучулук деп биз жарамсыз кылып жаткан “эскичилик” Айтматовдордун тагдырында

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



кандай роль ойногонун бүгүнкү күнү баарыбызга маалым.

Жазуучунун даанышмандыгына тан бересиң. Совет доорунда жаманбы, жакшыбы, бардык шарттары түзүлгөн жатак мектептер бар эле. Бүгүн мындай мүмкүнчүлүк жок. Көр тириликтин айынан балдарын жакындарына (ата-энелерине, кайын-журтуна, бир туугандарына) калтырган үй-бүлөлөр көбөйүүдө. Ал балдар кандай тарбия алат? – бул чоң суроону жаратат. Айтматовдун “*Адамдын башкаларга кылаар эң чоң жакшылыгы эле үйүнөн адам болоор балдарды тарбиялап өстүрүү экен...”,* - деген осуятынан балдардын тагдырлары ишенилип тапшырылгандардын кабарлары барбы, дегеле таалим-тарбия боюнча түшүнүктөрү барбы?

Залкар жазуучунун өз чыгармасында көтөргөн проблема бүгүн да өз күчүн, таасирин жоготпой, кайра мурдагыдан да кубаттуу, бараандуу көрүнүп, акыл-эси жайында болгон адамдардын баарын улутуна, жашына, жынысына карабай ойго салып, түйшөлтүп жатканын бирибиз да жокко чыгара албайбыз. Мурда Сабитжандар бирин-серин болсо, азыр алар көбөйүп, бийликтин бийик бутагына чыгышып, эл тагдырын чечүүдө. Буга кошул-ташыл болуп ааламдашуу да ар кандай айла-амал менен улуттун уркуна, каада-салтына, карманып келген нарк-насилине доо кетирип жатат. Аны өз көзүбүз менен көрүп, күбө болуп отурабыз.

Улуу жазуучунун улуулугу – ушунда. Өзүнүн көзү өткөнү менен өз улутуна, жалпы адамзатка барар багытын, басар жолун, жасар ишин Найман эне сыяктуу “Сен маңкурт эмессиң, сенин атың – Жоломан, атаң – Дөнөнбай”, – деп, зарлап, эсине салып кыйкыргандай, “Сенин улутуң – кыргыз, бабаларың – Манас, Бакай, мекениң – Ала-Тоо”, – деп дообулбас кагууда. Аны уккан угат, укпаганга угузуу – биздин, мугалимдердин, эң ыйык да, улук да, эң зарыл да вазийпабыз.

Бүгүнкү күнү ар бир акыл-эси бар адамды ойлонтуучу, түйшөлтүүчү көйгөй *бул – коом жана үй-бүлө, коом жана жеке адам, коом жана балдарга таалим-тарбия берүү, коомдун өткөнү, учуру жана келечеги.* Заманбап мектеп, билим берүү жана таалим-тарбиянын эң башкы милдети – ушул багытта үзүрлүү иш алып барууда.

**Адабияттар:**

1. Измайлов А.Э. Народная педагогика: педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана. - М.: Педагогика, 1991. - С. 76.
2. Волков Г.Н. Этнопедагогика. - М.: Академия, 1999.-С. 4.
3. Айтматов Ч. Чыгармалар жыйнагынын төртүнчү тому. – Б., 2009. - 169-б.
4. Айтматов Ч. чыгармалар жыйнагынын төртүнчү тому. – Б., 2009. - 177-б.

**Рецензент: д.пед.н. Үкүева Б.К.**